***DOI:10.26104/NNTIK.2023.34.84.038***

***Калыкова Т.К.***

# ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯЛАП ОКУТУУ СТРАТЕГИЯЛАРЫН ПРАКТИКАДА ПАЙДАЛАНУУ

***Калыкова Т.К.***

# ПРИМЕНЕНИЕ СТРАТЕГИЙ ДИФФЕРЕНЦИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ НА ПРАКТИКЕ

***T. Kalykova***

# APPLYING DIFFERENTIATED LEARNING STRATEGIES IN PRACTICE

*УДК: 372.31*

*Педагогикалык окуу жайларда азыркы талаптарга ылайык окутуунун жаны технологиясы катары башталгыч мектептеги дифференциациялык окутуу стратегияларын практикада пайдалануунун актуалдуулугу. Билим берүүдө окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө, мүмкүнчүлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө жараша окутуу жана тапшырмаларды анын тандоосуна коюу менен балдар адабиятын колдонуу да өз ийгилигин берет. Көп деңгээлдүү тапшырмалар стратегиясын студенттерге максаттуу үйрөтүү окуу процессинде дифференциациялап окутуунун эффективдүүлүгүн күчөтүү бул окуучуларга чыгармадагы башкы каарманды сүрөттөө аркылуу берилген тапшырманын татаалдык деңгээлине жараша тандоо укугун берүү менен окуганын түшүнүү көндүмдөрүн колдоно билүүгө окутат. Стратегияны аткаруу менен берилген китептеги башкы каармандын ойлорун анын мотивдерин жана анын иш-аракеттерин менен болгон мамилесин баяндоого жана талдоону билишет, билгендерин көрсөтүү үчүн ылайыктуу форматты тандап алууга үйрөнүшөт.*

***Негизги сөздөр**: жаңы технология, башталгыч мектеп, окутуу, дифференциациялык окутуу, стратегиялар, практика, тандоо, деңгээл, пайдалануу.*

*В педагогических учебных заведениях в соответствии с современными требованиями актуальность практического применение стратегии дифференцированного обучение в начальной школе в качестве новой технологии и методического приема. Также успешно использование детской литературы обучая их в соответствии с особенностями, возможностями и способностями учащихся оставив право выбирать заданий самим. Целенаправленное обучение студентов стратегии многоуровневых заданий, повышая эффективность дифференцированного обучения в учебном процессе, приучает учащихся к использованию навыков понимания прочитанного, предоставляя им право выбирать заданий по сложности, путем описания главного героя в произведении. Следуя стратегии, они смогут описать и проанализировать мысли главного героя данной книги, его мотивы и их связь с его действиями, а также научатся выбирать подходящий формат для представления того, что он знает.*

***Ключевые слова:** применение, стратегии, дифференцированного обучение, начальной школе, новой технологии, выбор, уровень, требованиями.*

*In pedagogical educational institutions in accordance with modern requirements, the relevance of the practical application of the strategy of differentiated education in primary school as a new technology and methodological technique. In education, success gives and use of children's literature through learning with features, possibilities and students' abilities and setting tasks for their choice. Purposeful teaching students the strategy of multi-level tasks increasing efficiency differentiated learning in learning process, teaching students to use reading skills by giving them the right to choose the level of difficulty given task by description of the main character. Following the strategy, they will be able to describe and analyze main character's thoughts of this book, his motives and their relationship to his actions, as well as learn how to choose the appropriate format for presenting what he knows.*

***Key words**: educational, modern requirements, practical application, strategy, differentiated education, primary school, choose, level, new technology*

Бүгүнкү күндө башталгыч мектептеги окуучуларга билим берүүдө алардын жеке муктаждыктарына жана өзгөчөлүктөргө карап, бирдиктүү жалпы программанын негизинде дифференциаланган окутууну колдонуубуз зарыл. Убакыт бир орунда турбай, илим менен технологиянын улам жаңы ачылыштары жарыяланып жаткан учурда эне тилинин методикасын педагогикалык окуу жайларында азыркы талаптарга ылайык табылгаларды, жаңы технология менен методикалык ыкмаларды колдонуу өтө маанилүү.

Башталгыч класстардын мугалимин даярдоодо эң биринчи эне тилин окутуунун методикасын мыкты деңгээлде өздөштүрүүсү окуучуларга эффективдүү билим берүүдө маанилүү экендиги белгилүү. Ушул өңүттөн алганда ийгиликтүү окуучуну жаратуу үчүн албетте мыкты адистерди чыгаруубуз керек. Келечектеги адистер билим берүү процессиндеги ар кандай кырдаалды жеңил, профессионалдык деңгээлде алган билимин колдонуусу зарыл.

Окутуу процессинде окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө, мүмкүнчүлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүн жараша окутуу маанилүү болуп эсептелет. Дифференциациялаган окутуу – окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу шартындагы окутуу [3,6]. Ошону менен бирдикте билим берүүчү мектептерде бардык балдар бирдей окуу пландары, бирдей окуу программалары, бирдей окуу китептери жана бирдей окуу куралдары менен окутуулары белгилүү. Эске сала кетсек ар бир окуучунун табийгаттагы жөндөмдүүлүгү, кызыгуусу жанан алардын өсүшү ар кандай.

Окуучулардын мектепке келгенде айырмачылыктары анча кескин түрдө байкалбаса да улам барган сайын дааналанып, айырмалана баштайт. Башталгыч класстарда алардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске албай туруп бирдей окутуу педагогика жактан максатка ылайыксыз болуп эсептелет. Анын негизинде башталгыч класстардагы окутууда окуучулардын жеке же алардын бир канча топтук өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен окутууда кандайча окутуу өз натыйжасын берет деген маселе келип чыгууда. Мына ушул өңүттөн алганда Окуу Керемет долбоорунун Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу аттуу 1-модулунун стратегияларын студенттерге максаттуу үйрөтүү окуу процессинде дифференциациялап окутуунун эффективдүүлүгүн арттыруу аркылуу биз издеген суроолорго жооп берет деп айтсак жаңылышпайбыз.

Келечектеги адистер дифференцияланган окутууда окуучунун даярдыгын эске алуу менен калыптандыра турган көндүмдөрдүн татаалдык деңгээли окуучунун учурдагы көндүмүнүн деңгээлине караганда бир аз жогору болушу керек экенин. Ошону менен бирге ар бир окуучунун жөндөмдүүлүктөрүнө, кызыкчылыктарына жана окуу стилине ылайык кичи топтор жана кээ бир окуучулар тарабынан пайдаланган материалдардын ар түрдүү варианттарын окуучулардын ар кандай топтору үчүн сабактарды иштеп чыгууга демилге көтөрүүсү менен окуучунун муктаждыгынан улам окутуунун мазмунун, процессти, натыйжаны же алардын айкалышын өзгөртүүнү так билиши зарыл. Ар бир аткарыла турган стратегияны студенттерге окуу процессинде колдонууда аткаруунун үлгүсүн практикалоо маанилүү.

Мисал катары Көп деңгээлдүү тапшырмалар аттуу 3-стратегиянын үлгүсүн карайлы. Стратегияны колдонуунун максаты – «Көп деңгээлдүү тапшырмалар стратегиясы – бул окуучуларга чыгармадагы башкы каарманды сүрөттөө аркылуу берилген тапшырманын татаалдык деңгээлине жараша тандоо укугун берүү менен окуганын түшүнүү көндүмдөрүн колдоно билүүгө окутуу [3, 45-б.]. Чындык издеген Чипко Түзүүчү Джеянти Монакаран, которгон жана адаптациялаган Марлэн Матназаров (4.2 деңңгээли) балдар адабияты катары колдонулууда [4, 1-21-бб.].

**Сабактын максаты: Билим берүүчүлүк.** Студенттер «Чындык издеген Чипко» балдар китебинен боюнча маалымат алышат. Китептин башкы каарманын баяндоо боюнча тапшырманын деңгээлин тандоо укугу менен окуганын түшүнүшөт; Предмет боюнча окулган темага тиешелүү негизги маалыматты аныкташат; Көп деңгээлдүү тапшырмалар стратегиясын педагогикалык практикаларында колдонууну үйрөнүшөт.

**Өнүктүрүүчүлүк.** Окуганын түшүнүү боюнча стратегияларын колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, башкы каармандын, мүнөздөмөлөрүн; ойлорун, мотивдерин жана аракеттерин,башкы каармандары менен болгон мамилеси аркылуу баяндоону жана талдоону окуп бүткөн китепке/текстке студенттер өз оюн билдиришет. Окуп-үйрөнүлгөн тема менен окуган китептин мазмунунун ортосундагы байланышты түзүүдө, студенттер өз ойлорун далилдүү айтууга, эркин сүйлөөгө көнүгөт. Логикалык ой жүгүртүүсү, кругозору өсөт.

**Тарбия берүүчүлүк.** Адам баласынын жашоосундагы чындыктын маанилүүлүүлүгүн жана ар бир инсан чындык үчүн дайыма күрөшүү керек экендигин билдирүү; жаратылышты коргоо жана студенттердин жаратылышка болгон сүйүүсүн ойготуу, табыйгат менен таттуу мамиледе болууга багыт берүү, Топтордо иштөө менен бири-бирин урматоого, өз ара кызматташууга калыптанышат, адилетүүлүккө, табийгатты сүйө билүүгө, ага аяр мамиле жасоого тарбияланышат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Китептеги башкы каарман Чипконун мүнөзүн ойлорун анын мотивдерин жана анын иш-аракеттерин менен болгон мамилесин баяндоого жана талдоого үйрөнүшсө, билгендерин көрсөтүү үчүн ылайыктуу форматты тандап алууга үйрөнүшсө; Көп деңгээлдүү тапшырмалар стратегиясын педагогикалык практикаларында колдонууну билишсе. Китептеги/тексттеги окуялардын негизинде далилдерди келтирүү менен, өз ойлорун коргой билишсе; Предметти окуп-үйрөнүү процессинде талкууланган ылайыктуу идеялар же темалар менен китепте/текстте баяндалган окуялар жана идеялардын ортосундагы байланышты аныктай билишсе; Өз группалаштары менен биргелешип (кичи топтордо) иштей билишсе; Чынчылдыкка, жаратылышты коргоого,сактоого тарбияланышат.



**Сабактын жабдылышы:** китептин көчүрмөсү (нускалары), алар текст менен иштөөдө пайдаланылат. Тапшырмалардын тизмеси, (тизме студенттердин тандоосу үчүн), текшерүү тизмеси, сүрөт тартууга керектүү буюмдар, проектор, ноутбук, презентация, окуу китеби, графикалык уюштургучтардын көчүрмөсү, макал-лакаптар жазылган баракчалар, таблица, флипчарт, стикер, маркер, баалоочу каражаттар (өзүн-өзү баалоо баракчасы).

**Сабактын тиби:** жаны билимди өздөштүрүү.

**Сабактын формасы**: кичи топто иштөө.

**Сабактын методу**: айтып берүү, түшүндүрүү, көрсөтмөлүү.

| № | Сабактын этаптары | Мин | Комментарий | Ыкмалар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу учуру.<br>**1-кадам**.<br>Бул стратегия колдонула турган сабак башталганга чейин, мугалим доскага А4 баракчасына же плакатка жазылган (оорчулук деңгээлдерин эске алуу менен түзүлгөн) тапшырмаларды доскага көрүнүктүү жерге илип коюу керек: | 3 мин. | Сабактын башталышында студенттердин сабакка даярдыгын уюштуруу, жагымдуу жагдай түзүү;<br><br>**Алтын эреже:** | Мугалимдин саламдашуусу.<br>*Саламатсыңарбы, урматтуу студенттер!* |
| 2. | ***Мотивация***<br>Сабактын урааны:<br>Жаратылышты коргоо – мекенди коргоо. | 3 мин. | Студенттердин көңүлүн көйгөйгө буруу жана талкуулануучу темага кызыгуусун жаратуу | Проблемалык суроо (кырдаал), цитата, кыскача баян, макал-лакап, табышмак, девиз, рифмалоо, чакан тапшырма, көнүгүү, ж.б.у.с. |
| 3. | Окуу маселелерин формулировкалоо жана окуу ишмердүүлүгүн аныктоо. | 3 мин. | – Бүгүнкү биздин сабактын темасы кандай болушу мүмкүн?<br>Азаматсыңар !<br>Бүгүнкү сабакта силер  Чындык издеген Чипко  аттуу балдар китебин менен таанышасыңар жана анын негизинде ар түрдүү тапшырмаларды татаалдык денгээлине жараша  тандоо аркылуу тапшырма аткарасыздар. | Студенттердин  оюн угуп, максаттарды коюу.<br>Сүрөттү баянда  графикакалык уюштургуч. Студенттер сүрөттөн көргөнүн бир сүйлөм менен айтат.<br>**Слайд 8**<br> |
| 4. | Жаңы өздөштүрүлгөн материалды түшүндүрүү/кайталоо/бышыктоо стратегиянын кадамдары:<br> **1-кадам.**<br>Чыгарманын каарманы Чипконун кылган иш-аракеттери, сөздөрү жана ишмердүүлүгү тууралуу канчалык деңгээлде ачып, айтып бере алгандыгына көңнл буруу керек. Китептеги текстти окуп жаткан учурда каармандын инсандык саппатарын башка каармандардын ал жөнүндө жана анын жасаган иштери тууралуу айткандарынан жыйынтык чыгарып анан аныктаса болорун айтып коюу керек.<br>Текстти көркөм  окуу. | 17 мин. | Биз бүгүн **Чындык издеген Чипко (текстти бөлүктөргө бөлүп окуу)**<br>**Суроо:**<br>- Балдар, окуя кимдер жөнүндө болуп жатат?<br>- Окуяны уланткыла...<br>- Балдар, суу эмне себептен ташкындады?<br>- Мындан ары эмне болот, окуя кандай уланат деп ойлойсуңар?<br>- Балдар, Чипконун үй-бүлөсүндө кандай окуялар болду?<br>- Силердин божомолуңар менен туура келдиби?<br>- Балдар, айылда кандай окуя болду?<br>- Дарактардын биздин жашоодо орду кандай?<br>- Силердин божомолуңар менен туура келдиби?<br>- Бул чыгарма силерге эмнеси менен жакты? | Слайд – 9-13<br>Натыйжалуу талкуулоону жүргүзүү максатында суроолорду берүү. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **2-кадам.**<br>Тапшырмалардын тизмеси, тапшырмалардын татаалдык деңгээлин жана сунушталган долбоордун текшерүү баракчасын түшүндүрүү. Окуп чыккан китептен аңгеменин каарманы жөнүндө айтып берүү үчүн аткара турган тапшырмалардын тизмесин окуп берүү жана ар бир топ вариантардын бирин тандап алышын айтуу керек. Тизмеде сунушталган татаал тапшырмалардын деңгээлин тандашат жана аны аткарышат. | | **Чыгармачыл иштерди топтордо аткарабыз.**<br>1-топ.<br>2-топ.<br>3-топ.<br>4-топ<br>**Макалдар аркылуу топторго бөлүнүү.**<br>Чырпык өсүп Чынар болот.<br>Дарактын көркү жалбырак, адамдын көркү чүпүрөк.<br>Жалгыз дарак токой болбойт.<br>Чөптү кордосоң көзгө зыян.<br>Бул макалдар бизге эмнени үйрөтөт?<br>Текст менен бул макалдар эмнеси менен байланышат? | Макалдарды окуп маанисин чечмелеп, эмнени үйрөтөөрүн айтып беришет. Текст менен макалдын байланыштырышат.<br><br>Слайд 14-15<br><br> |
| | **3-кадам.**<br>Топтордо кантип иштей тургандыгы тууралуу түшүндүрүп берүү маанилүү. Тапшырмаларды аткарууга убакыт берилет. | | 1. Жөнөкөй сүйлөмдөр менен тексттик жазуусу бар сүрөттүү китеп түзүү.<br>2. Каарманды мүнөздөп таблицаны түзүү.<br>3. Венддин диаграммасы.<br>4. Пирамидалык окуя түзүү. | Слайддар-17-20<br><br><br><br><br><br><br><br> |
| 5. | Тыныгуу көнүгүүлөрү. | 2 мин. | | Кыймыл менен аткарышат. |
| 6. | Алган материлады колдонуу жана бышыктоо. | 6 мин. | Студенттердин алган билимдери боюнча суроолор берилет. Көп деңгээлдүү тапшырмалар стратегиясын кайсыл предметтерди өтүүдө колдонсок болот? Бул стратегия менен иштөө процесинде окуучулардын ролу кандай? | Окуп-үйрөнгөн теманы түшүндүрүүдө ар бир окуган китептин ролу кандай экендигин окуучулар менен талкуулоо аркылуу топтордогу иш жыйынтыкталат.<br>Окуучулар ойлорун айтышат.<br>Калыптандыруучу баалоо. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | Рефлексия (сабактын жыйынтыгын чыгаруу). | 5 мин. | - Бүгүнкү сабак эмнеси менен силердин эсинерде калды?<br>- Эгерде токойдогу карагайлар кыйылса, жер кыртышына кандай таасирин тийгизет?<br>- Чипко издеген чындык кандай эле?<br>- Жаратылышты коргобосок адам баласына кандай кесепети тийиши мүмкүн?<br><br>*Жыйынтыктоо* | Ар бир топтун чүкөлөрү саналып, упайдын эсеби чыгарылат.<br>Калыптандыруучу баалоо. Стратегияны колдонгондон кийин.<br>*Баалоо:* Кагаздардын барактарын бырыштырып, кар тогологун жасап. Сиздин каарманыңыздын аты ким?<br>- деген суроо берип, кар тогологун окуучуга ыргытылат. Окуучу жооп берип, башка окуучуга кар тогологун ыргытып, суроо берет: Каармандын бир аракетин айтыңыз. Мындай аракет улам-улам кайталанат. |
| 8. | Үй тапшырмасы. | 1 мин. | Аңгемени окуп, мазмунун үйдөгүлөргө айтып бергиле. Силер да Чипко сыяктуу табиятка аяр мамиле кыласыңарбы? | Стратегияны колдонгондон кийин Үй тапшырмасы: Окуучулар белгилүү бир тапшырмаларды аткарышат. |

Натыйжада бул стратегияны колдонууну болочоктогу башталгыч мектептин мугалимдерине үйрөтүү аркылуу окутууда ар бир окуучуга өзүнүн жеке жөндөмдүүлүгүнө жана кызыкчылыгына иштөөгө ылайык шарт түзүлүп, сабакка болгон кызыгуусу жана активдүүлүгү жогорулайт. Ар бир окуучу тапшырмаларды тандоосунун негизинде алар аткарган өз иштеринде жетишкендиктери менен билиминин сапаты өнүгөт. Стратегияны өздөштүрүү аркылуу дифференциациялап окутуу окуу процессинде актуалдуу экендигин айгинелейт.

**Адабияттар**:


1. Выготский Л.С. Психология развития ребенка. - М: Изд. «Смысл, Изд-во «Эксмо, 2004. - 512с.
2. Эсенгулова М., Усупова М. Башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча ресурстук материал. [Текст]. - Бишкек, 2014.
3. 1-модуль. Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу. Түзүүчү авторлор: Орозова Р.А., Эсенгулова М.М., Усупова М.К., Фадеева Г.Н., Юсупова А.Д., Brattle Publishing Group. LLC басма тобунун бөлүмү Brattle Education. - Бишкек, 2021.
4. Чындык издеген Чипко Түзүүчү Джеянти Монакаран, которгон жана адаптациялаган Марлэн Матназаров (4.2 деңгээли) балдар адабияты. kitep.edu.gov.kg
5. Абдукаимова А.Ж. Творческий подход к дифференцированному обучению математике. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 5. С. 202-205.
6. Султанкулова Э.Б. Организация самооценки учащихся при дифференцированном обучении математики. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2008. №. 3-4. С. 273-275.